ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

---

**АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ, ТАБИГЫЙ РЕСУРСТАР ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО БОЮНЧА КОМИССИЯ**

**ЖЕТИНЧИ ЖЫЙЫН**

*Анкара, 2022-жылдын 11-майы*

**“ТҮРКПА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО СИСТЕМАЛАРЫН ГАРМОНИЗАЦЯЛОО”**

**ОТЧЕТ**

## I. КИРИШМЕ

1. Казакстандын Түркстан шаарында өткөн ТүркПАнын 10-пленардык сессиясында Катчылыктын 2022-жылга карата кабыл алынган иш планына ылайык, жетинчи жыйында «ТүркПА мүчө өлкөлөрдөгү саламаттык сактоо системаларын гармонизациялоо» аттуу теманы күн тартиптин негизги маселеси катары кароо чечим кабыл алынды.
2. Комиссия ТүркПА регионунда саламаттыкты сактоо маселесин алгачкыда карап жатат. Түркстан шаарында ТүркПАнын Ассамблея Кеңешинин 10-жыйыны өткөн учурда “Айлана-чөйрө жана табигый ресурстар боюнча Комиссия” аталышын “Айлана-чөйрө, табигый ресурстар жана саламаттыкты сактоо боюнча Комиссия” атына өзгөртүү жөнүндө кабыл алынган, жана мындан ары саламаттыкты сактоо боюнча бүт маселелер бул комиссиянын алкагында каралып чыгат.
3. Мүчө мамлекеттердин ортосунда саламаттыкты сактоонун инфраструктурасын, байланыштарын жана саламаттыкты сактоонун маалыматтык системаларын жакшыраак өнүктүрүү үчүн улуттук саясатты жана мыйзамдарды шайкеш келтирүү боюнча иштер түрк мамлекеттеринин уюмдун мамлекет башчылары тарабынан кабыл алынган “Түрк дүйнөсүнүн көрүнүшү – 2040” программасынын саламаттык сактоо бөлүмүндө өзгөчө белгиленген.
4. Парламентарийлер мыйзамдарды кабыл алуу, бюджеттерди бекитүү жана ресурстарды мобилизациялоо, өкмөттүн отчёттуулугун жана айкындуулугун камсыз кылуу үчүн көзөмөлдү камсыз кылуу, көп секторлуу иш-аракеттерди кубаттоо, глобалдык милдеттенмелердин улуттук аткарылышын камсыз кылуу, шайлоо округдарынын катышуусун колдоо жана эл аралык өнөктөштүккө катышуу аркылуу саламаттыкты сактоодо маанилүү ролду ойношот.

5. “Дени сак жашоону камсыз кылуу жана бардык курактагы адамдардын бакубатчылыгын жогорулатуу” 2030-жылга чейин Күн тартибинин 3-максаты, анын конкреттүү максаттары жана ден соолуктун натыйжаларын жакшыртуу боюнча максаттары менен мамлекеттик жана жеке кызыкдар тараптарды саламаттыкты сактоонун эң актуалдуу маселелерине багыттоо үчүн глобалдык компас катары кызмат кылат.

6. ТүркПАга мүчө өлкөлөр саламаттыкты сактоо маселелерин аймактык жана эл аралык деңгээлде чечет, алар БУУнун Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттарынын (МӨМ) жана кезектеги Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын (ТӨМ) контекстинде макулдашылган иш-аракеттерди кабыл алып, бардык өлкөлөр үчүн чатырча милдеттери катары кызмат кылат.

7. Туруктуу өнүгүү үчүн сергек жашоону камсыз кылуу жана бардык курактагы бакубатчылыкты камсыз кылуу маанилүү. Азыркы учурда дүйнө мурун болбогондой глобалдык саламаттыкты сактоо кризисине туш болууда – COVID-19 адамдын азап-кайгысын жайуу, глобалдык экономиканы туруксуздаштыруу жана дүйнө жүзү боюнча миллиарддаган адамдардын жашоосун көңтөрүү процесси жүрүшүндө. Бул багытта ТүркПА 2020-жылдын 17-сентябрында “COVID-19 пандемиясы: анын таасири жана келечектеги перспективалары” темасында мүчө-парламенттердин Саламаттык сактоо маселелери боюнча комитеттеринин башчыларынын жыйынын өткөрдү.

8. ТүркПАга мүчө өлкөлөр саламаттыкты сактоо тармагындагы көйгөйлөрдү чечүүгө жана аларды чечүү жолдорун табууга абдан кызыкдар. ТүркПАга мүчө өлкөлөр саламаттыкты сактоо жаатында өз өлкөлөрүнүн мыйзамдарына ылайык тең укуктуулук жана өз ара тең пайдалуулук негизинин принцибинде кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө ниеттенишет.

9. Бул отчёттун максаты – белгиленген маселе боюнча регионалдык кызматташтыктын артыкчылыктарын иштеп чыгуу. Отчёт Азербайжандын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Түркиянын тиешелүү министрликтеринен алынган маалыматтарынын, ошондой эле тиешелүү эл аралык институттардын маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

## II. ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР АРАСЫНДА САЛАМАТТЫК САКТОО СИСТЕМАСЫН ГАРМОНИЗАЦИЯЛОО БОЮНЧА ИШ ЧАРАЛАР

10. 2016-жылдын 26-апрелинде Баку шаарында кол коюлган Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Азербайжан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда Саламаттыкты сактоо жана медицина илимдери жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуу бар.

11. Түркия Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин колдоосу менен Азербайжан Медициналык Аймактык Биримдиктерди Башкаруу Ассоциациясы (TABIB) тарабынан түзүлгөн Саламаттыкты сактоо системасын реструктуризациялоо программасы (AZ-SSYP), бул өлкөдө жашаган адамдардын ден соолугунун абалын жакшыртууга, сапаттуу медициналык кызматтарды көрсөтүү аркылуу жарандардын жеткиликтүүлүгүн жеңилдетүүгө, кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуулугун камсыз кылууга жана жарандардын

канааттануусун камсыз кылууга багытталган заманбап улуттук саламаттык сактоо системасын түзүүнү карайт.

12. Азербайжан Медициналык Аймактык Биримдиктерди Башкаруу Ассоциациясынын (TABIB) башкаруу кеңешинин Төрагасы жана аны коштогон делегация саламаттыкты сактоо системаларын шайкеш келтирүү үчүн, жол картасын даярдоо үчүн 2021-жылдын 31-августунда Түркияга расмий иш сапар кылышты. Жолугушууларда COVID-19 менен күрөшүүдө кызматташуу, Азербайжандын саламаттыкты сактоо системасын жана адам ресурстарын өнүктүрүүдө Түркиянын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен тыгыз кызматташуу жана биргелешкен илимий изилдөөлөр үчүн зарыл болгон укуктук базаны даярдоо талкууланды. Делегация Анкара университетинин ректору Проф. Д-р Неждет Үнүвар жана Саламаттык сактоо илимдери университетинин ректору Проф. Д-р Жевдет Эрдөл менен да жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө саламаттыкты сактоо кызматкерлерин даярдоо жаатында кызматташууну өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү талкууланды.

13. “Түркия Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Азербайжан Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин ортосундагы кызматташтык боюнча иш планынын” долбоору Тышкы иштер министрлигинен аркылуу Азербайжан кесиптештерге жөнөтүлдү. Өз ара талкуулардын жыйынтыгында Иш планына жакын арада кол коюу күтүлүүдө.

14. Казакстан менен Түркиянын саламаттыкты сактоо тармагындагы мамилелери Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы 1997-жылдын 10-сентябрындагы Саламаттыкты сактоо жана медицина тармагындагы кызматташтык жөнүндө Макулдашуунун алкагында ишке ашырылат.

15. Кошумча, 2019-жылдын 15-октябрында Нурсултан шаарында Түркия Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен Казакстан Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин ортосундагы Саламаттыкты сактоо инвестициялары тармагында кызматташуу боюнча өз ара түшүнүү жөнүндө Меморандумга кол коюлган.

16. Хожа Ахмет Ясави атындагы Эл аралык Түрк-Казак университетинин Медицина факультети 1991-жылы Кентав шаарында Альтернативдүү жана Дарылоо-Медицина аты менен түзүлгөн. Убакыттын өтүшү менен жалпы хирургия, ички оорулар, акушердик жана гинекология, адамдын анатомиясы жана физиологиясы сыяктуу жаңы бөлүмдөр ачылып көбөйдү. Азыркы учурда бөлүмдөрдүн көбү Түркстан шаарында жайгашкан. Ушуга кошумча Түркстанда университеттин кампусунда ректораттын башкы корпусунан тышкары Казакстан Республикасынын эң заманбап ооруканаларынын бири болгон 100 орундуу медицина факультетинин ооруканасы уюштурулган.

17. Түркия менен Казакстандын ортосунда 1997-жылдан бери колдонулуп келе жаткан келишимдин ордуна жаңы келишимди иштеп чыгуу боюнча макулдашууга жетишилди жана «Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Казакстан Өкмөтүнүн ортосундагы саламаттыкты сактоо жана медициналык илимдер тармагында кызматташуу жөнүндө макулдашуунун» долбоору Казакстан тарабына жөнөтүлдү. Белгиленген келишимге 2022-жылдын 10-11-

майда Казакстан Республикасынын Президенти Түркияга расмий сапары учурунда кол кою күтүлүүдө.

18. Кыргыз Республикасы менен Түркиянын ортосундагы мамилелер 2014-жылдын 3-июнундагы Түркия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Саламаттыкты сактоо жана медицина илимдери жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуунун алкагында ишке ашырылууда.

19. Саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстан менен болгон кызматташтыкты бекемдөө максатында ТИКА менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ортосунда “Саламаттык сактоо жана медицина илимдери жаатында өз ара түшүнүү жөнүндө Меморандумга” кол коюлду. Өз ара түшүнүү Меморандумдун алкагында ТИКА тарабынан ишке ашырылып жаткан саламаттыкты сактоо долбоорлорунун катарына кирген Кыргызстандын бардык аймагында саламаттыкты сактоо мекемелеринин курулушу жана медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу; медициналык кызматкерлердин адистигин жогорулатуу сыяктуу маселелерде долбоорлор Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин колдоосу менен бир кыйла координацияланган тартипте ишке ашырыла тургандыгы каралууда.

20. Кыргыз Республикасында калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо системасын жакшыртуу боюнча “Дени сак адам – өнүккөн өлкө”
2019-2030-жылдарга мамлекеттик программасын колдоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн ортосундагы биргелешкен билдирүүгө кол коюлду.

21. Түркиянын Маданият жана туризм министрлигине караштуу Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (ТИКА) Бишкек координаторлугунун координациясында Кыргызстан-Түркия Достук ооруканасынын курулушу 2016-жылдын июнь айында башталды, бир жылдан кийин 2017-жылдын ноябрь айында бүткөрүлдү. Оорукана Кыргызстанда 2020-жылдын март айында COVID-19 эпидемиясынын инфекция жуккан бейтаптарды дарылоо үчүн убактылуу пайдаланууга берилген. Ооруканада 72 керебет жана 21 реанимация бөлүмү бар.

22. Өзбекстандын Бухара шаарындагы Саламаттыкты сактоо илимдери университети тарабынан ачылган Ибн-и Сина Медицина факультети жана Саламаттык сактоо кызматтары кесиптик мектеби 2019-жылдын 17-октябрында окуусун баштады.

## III. КОРУТУНДУ

23. Жогоруда айтылгандай, мүчө өлкөлөр саламаттыкты сактоо тармагында интенсивдүү кызматташып, реалдуу иш-чаралар жүргүзүлүп жатат. Башка бардык мүмкүн болгон тармактардагыдай эле, саламаттыкты сактоо системаларынын гармонизациялоосу ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн жакындашуусуна олуттуу салым кошо алат.

24. Саламаттык сактоо бардык негизги артыкчылыктарын камтыган, башка максаттардын буталары менен байланышкан бир чоң максат (ТӨМ 3) жана

анын 13 бутасы 2030-жылга чейинки Күн тартибинде ден соолук маселеси негизги маселелер арасында турат.

25. ТүркПАга мүчө өлкөлөр туруктуу өсүү жана экономикалык өнүгүү үчүн маанилүү элементи катары саламаттыкты сактоо коомчулугун консолидациялоо, стимулдаштыруу жана чыңдоо зарылдыгын тааным алат. Саламаттык сактоо маалыматы боюнча изилдөө жана иштеп чыгуу үчүн эл аралык кызматташтык күн тартибин алдыга жылдыруунун ачкычы болуп саналат. ТүркПА регионун алдында турган саламаттыкты сактоо боюнча маалыматтык чакырыктар кеңири эл аралык кызматташуу аркылуу гана натыйжалуу жана туруктуу чечүүгө болот: гармонизациялоо, кызматташуу жана билимдерди, тажрыйбаларды жана жакшы практикалар менен бөлүшүү.

26. Семинарлар, конференциялар же тажрыйба алмашуу программалары сыяктуу биргелешкен иш-чараларды жана акцияларды өткөрүү аркылуу мүчө-өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыкты жана өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү бул маселе боюнча кызматташтыкты бекемдейт.

27. 2020-жылдын 17-сентябрындагы “COVID-19 пандемиясы: анын таасири жана келечектеги перспективалары” темасында мүчө парламенттердин Саламаттык сактоо маселелери боюнча Комитеттеринин жетекчилеринин жолугушуусу тиешелүү түзүмдөрдүн ортосундагы кызматташтыкты чыңдоодо маанилүү роль ойноду.

28. 2021-жылдын 12-ноябрында Стамбул шаарында Президент Режеп Тайып Эрдогандын төрагалыгы астында “Жашыл технологиялар жана санариптик доордо акылдуу шаарлар” аттуу темада Түрк мамлекеттеринин Уюмунун Мамлекет башчыларынын Кеңешинин жыйыны болуп өттү. Саммиттин жыйынтыгында мүчө жана байкоочу мамлекеттердин саламаттыкты сактоо министрлери жана илимпоздорунун катышуусу менен өткөн саммитте Декларациясында кол коюлду, ушуга ылайыктуу ар бир жылдын октябрь айында «Түрк медицинасы дүйнөсүнүн конгрессин» уюштуруу макулдашылды.

29. Мындай жолугушууларды уюштуруу мүчө өлкөлөрдүн коомдун пайдасы үчүн мыйзамдарды шайкеш келтирүү үчүн зарыл болгон укуктук механизмдерди ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

30. Ошондой эле, мындай жолугушуулардын уюштуруусу тиешелүү чөйрөлөр боюнча ТүркПАнын негизги иш-чарасынын бири болгон моделдик мыйзамдарды даярдоого жана чыгарууга кошум салат.